DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Жаанбаева Ч.К.*

# ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТЫЛГАН ЖАЙЛАРДА ЖАЗАСЫН ӨТӨП ЖАТКАН АДАМДАРДЫН УКУКТУК АБАЛЫНЫН МАЗМУНУ

*Жаанбаева Ч.К.*

# СОДЕРЖАНИЕ ПРАВОВОГО ПОЛОЖЕНИЯ ЛИЦ ОТБЫВАЮЩИХ НАКАЗАНИЕ В МЕСТАХ ЛИШЕНИЯ СВОБОДЫ

*Ch.K. Jaanbaeva*

# CONTENT OF THE LEGAL STATUS OF PERSONS SERVING SENTENCES IN PLACES OF DEPRIVATION OF LIBERTY

*УДК: 343.84.*

*Изилденип жаткан категориядагы адамдардын укуктук статусу өзүнүн өлчөмүндө жетишээрлик деңгээлде мобилдүү болуп эсептелет жана ал перманенттик өзгөрүүлөргө туруштук берген, соттолгон адамдардын жүрүм-туруму менен шартталган. Соттолгон адамдар жазасын өтөп жаткан мезгилде аларга карата ошол адамдардын укугунун көлөмүнө жараша жазалоо жана сыйлоо чаралары да колдонулат. Негизги белгилей кетчү нерсе, кепилдүүлүк укуктук мааниде изилденип жаткан категориядагы адамдардын укуктук абалынын институтунун иштөөсүн камсыздай турган механизмди же белгилүү бир топтун каражатын өзүнө камтыйт. Мисалга алсак, юридикалык белгилер менен катар укук субъектисинин же жарандыктын болуусу укуктун түрлөрүнүн аталган категориясын мүнөздөйт, ал өзгөчөлүк түрүндө болгон юридикалык кепилдиктер менен гана каралышы мүмкүн, ага мыйзамдарда анын так, толук болуусун камсыздоо, зарыл учурда коргоо жүктөлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *Конституция, укуктук абал, соттолгон, милдет, эркиндик, жоопкерчилик, жарандык, жазалоо чарасы, категория.*

*Правовой статус исследуемой категории лиц в своей мере является достаточно мобильным и обусловлен поведением осужденных, способствующих перманентным изменениям. В период отбывания наказания осужденными к ним применяются меры взыскания и также поощрения в зависимости от объема прав этих лиц. Следует отметить, что гарантия включает в себя механизм, обеспечивающая функционирование института правового положения, исследуемой категории лиц, либо средства определенной группы. К примеру, наряду с юридическими признаками, субъекты права характеризуют наличие видов категорий - как особый вид, и к ним могут быть предусмотрены юридические гарантии, которые предусмотрены законодательством. В случае необходимости возлагается четкое, полное обеспечение защиты прав осужденных.*

***Ключевые слова:*** *Конституция, правовой статус, осужденный, обязанность, свобода, ответственность, гражданство, меры взыскания, категория*

*The legal status of the studied category of persons in its measure is quite mobile and is conditioned by the behavior of convicts, contributing to permanent changes. During the period of serving the sentence, the convicts are subject to measures of punishment and also incentives, depending on the scope of the rights of these persons. It should be noted that the guarantee includes a mechanism that ensures the functioning of the institution of the legal status of the studied category of persons, or the funds of a certain group. For example, along with legal features, the subjects of law are characterized by the presence of types of categories, as a special type and they can be provided with legal guarantees that are provided for by law, if necessary, a clear, full protection is imposed the rihts of the persons serving penalty.*

***Key words:*** *Constitution, legal status, convicted person, duty, freedom, responsibility, citizenship, penalties, category.*

Кыргызстандын жазык-аткаруу мыйзамдары сот тарабынан жазык жазаларына соттолгон адамдарга кайрылуу маселелериндеги эл аралык стандарттардын жобосун өзүнө камтыган, мыйзам тарабынан коргоодо болгон, мамлекеттин жана коомдун системасындагы инсандардын жана жарандардын абалын аныктаган жалпы принциптерге таянуу менен соттолгон адамдардын укуктук статусун түзөт. Соттолгон адамдардын укуктук статусун аныктоо адамдардын жана жарандардын конституция менен бекиген укуктарына жана эркиндиктерине; Кыргыз Республикасынын Жазык-түзөтүү кодексиндеги укуктарга, андан алынган милдеттерге; соттолгон адамдардын укуктарына жана аларга кайрылуунун эл аралык стандарттарында чагылдырылган эрежелерге; жазанын түрлөрүнө жана мазмунуна, соттолгон адамдын жеке мүнөзүнө негизделет [1, 133-б.].

Көпчүлүк окумуштуулар жана адистер бул эки түшүнүктү бирдиктүү мазмунду билдирген илимий термин катарында түшүнүшөт, ошондой эле өз

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



алдынча юридикалык маанинин категориясына ээ болгон укуктук абалды жана укуктук статусту бөлүп кароо үчүн негиз жок деп эсептешет, анткени мындай түшүнүктүн өзү практикалык мааниге да, теориялык мүнөздөгү баалуулуктарга да ээ эмес. Бул маселелер боюнча кайчы пикирлер инсандын кызыкчылыгын укуктук камсыздоо чөйрөсүндөгү теориялык материалдарды жаңы компоненттер менен толуктоого окумуштуулардын умтулуусунун пайда болгондугу менен шартталгандыгы белгиленет [2, 56-60-бб.].

Бир эле мезгилде изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү бул түшүнүктү кароо менен, коомдун укуктук чөйрөсүндөгү өтүп жаткан процесстер аркылуу пайда болгон өтө татаал көрүнүш экендигин көрсөтүшөт. Көпчүлүк элементтерде каралып жаткан түшүнүктү түзгөн укук, эркиндик, мыйзамдуу кызыкчылыктар жана милдеттер сыяктуу түшүнүктөр ар кандай компоненттердин санын кошумчалап турат. Биздин көз караш боюнча, укуктук чөйрөдө бар деп таанылган укуктук мүнөздүн белгилүү категориялары жана компоненттери укуктук статусту түздөн түз камсыздоого, ошондой эле аны ишке ашырууга шарт түзгөн форманы чектей алат.

Юридика илиминде индивидуумдун укуктук абалын бөлүүгө ар кандай мамилелерге орун берилет, ал төмөнкүдөй топторго бөлүнөт: жалпы (жарандардын жана инсандардын абалын конституциялык деңгээлде укукка бириктирген); атайын (айкын категориядагы адамдардын укуктук абалы); жеке (айкын индивидуумдун укуктук абалы). Индивидуумдун укуктук абалы жалпы түрүндө анын атайын абалынын негиздерин өзүнө камтыйт. Алар индивидуумдун коомдогу көп түрдүүлүгүнүн бар экендиги менен шартталат, алар социалдык пландын өзүнүн жетишээрлик бөтөнчөлүк мүнөздөрүнө ээ. Атайын абал өз кезегинде жеке абалдын негизи катары көрсөтүлөт, ал адекваттуу жагдай менен айкын индивидуумга дал келет. Келтирилген бүтүндөй укуктук доктринаны таануу, белгилүү спецификасына түзөтүүлөрдү киргизүү менен ага таянууну максаттуу деп эсептейбиз.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген инсандын укуктук абалы негизги категория катары таанылат жана коомдун мүчөлөрүнөн тышкары баардыгына өзүнүн таасирин теориялык жактан жайылтат, белгилүү социалдык-укуктук параметрлерге индивидуумдун ээ болуусу ар бир айкын учурларда бул түшүнүктүн мазмунун аныктоо процессине кардиналдуу таасир этүүчү фактор катары кызмат кылат. Бул жагдайда Н.В. Витруктун көз карашын кабыл алуу бизге мүмкүнчүлүк берет, ал укуктук абалдын категориясын анын атайын аспектисинде негиздүү жана зарыл өлчөмдө жеткиликтүү караган. Мындай түшүнүк өзүнүн оюнун толук маанисинде индивидуумдун укуктук абалынын бөтөнчөлүгүн бир кыйла толук чагылдырат, бул социалдык мүнөздөмөлөр кеңири диапазондо берилген.

Ушуга байланыштуу белгилей кетчү нерсе, жүргүзүлүп жаткан изилдөөнүн чөйрөсүн, тактап айтканда конституциялык-укуктук мыйзамдарды, ошондой эле пенитенциардык мекемелерде өздөрүнүн жазасын өтөп жаткан соттолгон адамдардын укуктук абалын жөнгө салган жана регламенттеген атайын багыттарды так аныктоо мүмкүнчүлүгү бизге берилет. Зарыл болгон аспектилерди изилдөө процессинде изилденип жаткан категориядагы адамдар үчүн түшүнүктөрдү аныктоого түздөн түз тиешелүү болгон маселелерди, алардын укуктук абалын, ошондой эле алардын элементин түзүүчү мүнөздөмөлөрдү жана мазмундарды кароого токтолуу керек экендиги белгилүү.

Ошондуктан, биз соттолгон адамдардын укуктук абалынын компоненттери төмөнкүлөр экендигине макулбуз: жарандык; алар үчүн укуктук мамилелердин субъектисинин статусун таануу; алардын укуктарына жана эркиндигине бекитилип берилген юридикалык кепилдиктер. Булардын ичинен биринчи экөө юридикалык адабиятта жетишерлик түрдө толук берилген [3], бул алардын деталдарына токтолууга шарт түзбөстөн, изилденип жаткан категориядагы адамдардын жогоруда айтылган ар кандай укуктук абалдарын изилдөөгө киришүүгө шарт түзөт.

Эркиндигинен ажыратууга байланышкан жазасын өтөп жаткан адамдардын укуктук абалы укуктук статус сыяктуу анын компонентине негизделет. Укуктук бул категориясы түзүмдүк гана болбостон, өзүнүн негизги мазмунунда соттолгон адамдардын өздөрүнүн укуктарын, эркиндигин жана милдеттерин ишке ашырууга түздөн түз байланыштуу. Бул функцияны ишке ашыруу менен укуктук статус изилденип жаткан категориядагы адамдардын укуктук абалынын ар кандай түзүүчүлөрүн өзүнүн айланасына бириктирген негизде болот.

Укуктук статус өзүнүн маңызында жана бүтүндөй мазмунунда укуктук абалдын ар кандай түзүүчүлөрүнөн түздөн түз көз каранды болот, алар-жарандык, юридикалык мүнөзгө ээ болгон укук субъектүүлүк жана кепилдиктер, бул алардын болушунун базасын түзөт жана укуктук статусту жүзөгө ашыра турган каражат болуп эсептелет.

Укуктук статустун функционалдык багыты илимий коомчулук чөйрөсүндөгү курч талкуулардын темасын өзүнө камтыйт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



В.Н. Павлухиндин көз-карашы боюнча индивидуумдун жеке укуктарын, эркиндигин жана милдеттерин ишке ашырууга мүмкүн болгон процессти камсыздай турган укуктук системанын өз алдынча элементи болуп эсептелет [4, 21-б.] А.К. Гришаев коомдук мамилелерде түзүлгөн системада индивидуумдун ордун аныктоонун объективдүү зарылчылыгы менен укуктук статустун болуусун байланыштырат [5, 44-б.]. Адистердин жогоруда айтылган көз караштарын бүтүндөй эске алуу менен, биз жогоруда айтылган пикирлердин топтолгон негизги тезистерин, биз тараптан изилденип жаткан теманын бөтөнчөлүгүн, көз карашын эске алган каралып жаткан маселелердеги көп түрдүү мамилелерди мүмкүн болгон бириктирүүлөрдү сунуш кылар элек. Ушуга байланыштуу, төмөнкү жагдайды белгилей кетүү зарыл деп эсептейбиз, укуктун категориясы катары укуктук статустун өзүнүн болушу эркиндигинен ажыратылган жайларда жазасын өтөп жаткан адамдардын ошол учурдагы абалын белгилөө үчүн анын маанилүүлүгү катары шартталган. Эркиндигинен ажыратууга байланышкан жазасын өтөп жаткан соттолгон адамдардын укуктук статусунун мазмунун жана түзүмүн аныктоо маселелеринин узак тарыхы толук иштелип чыккандыгына карабастан бүгүнкү күнгө чейин дал келбеген карама-каршылыктарды өзүнө сактап келет. Буларды эске алуу менен, аталган көйгөй биздин изилдөөнүн негизги өзөгү болуп эсептелет жана бул маселени бир кыйла бөлүп кароого токтолуу зарыл экендигин билдирип турат.

Изилденип жаткан категориядагы адамдардын укуктук статусу анын мазмунун кароодо салттуу түрдө эки негизги элементти камтыйт, алар укук жана милдеттер [6, 126-б.]. Бул түшүнүктөр укуктун жазык-аткаруу тармагындагы изилдөөнүн чоң бөлүгү болуп саналат.

Юридикалык көз-караштан алып караганда, соттолгон адамдардын милдеттери ошол категориядагы адамдардын аныкталган жүрүм-турумунун чегин өзүнө камтыйт, ал жазанын алдында турган максатка жетүү үчүн зарыл болгон, жазаны өтөө үчүн дайындалган мөөнөткө укуктук ченемдер менен ылайык аныкталган, мындай адамдарга анын укуктары, милдеттери жана эркиндиги жүктөлгөн. Түзүмдүк жактан алганда, юридикалык аспектиде милдеттер төмөнкүдөй эки элементти сунуштайт: 1) белгиленген иш-аракеттерди соттолгон адамдар тарабынан милдеттүү түрдө жасоосу, мисалга алсак, анын милдеттери жаза өтөө тартибин сактоо, пенитенциардык мекеменин жетекчилигинин талаптарын аткаруу ж.б.; 2) мыйзам тарабынан каралган укукка жат түрүндөгү иш-аракеттерди соттолгон адамдардын жүрүм-турумунан милдеттүү алып салуу, мисалга алсак, акчаны сактоо жана аны пайдалануу, конвойдун коштоосу жок жүрүү, ж.б. [7, 86-б.].

Эркиндигинен ажыратылган жайларда жазасын өтөөгө соттолгон адамдардын укуктары жүрү-турумдун чектелген алкагында, социалдык байлыктарды пайдаланууда өзүнүн ордун чагылдырат, бул колдонуудагы мыйзамдарда мамлекет тарабынан кепилдикке алынат жана ар бир түзөтүү мекемелеринин администрациясынын функционалдык милдети болуп эсептелет [8, 532-б.].

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин [9]. 9-беренесинин биринчи бөлүгүндө, “соттолгон адамдардын мыйзамдуу кызыкчылыктары”, аны менен катар мамлекеттин коргоосунда болгон алардын укуктары жана эркиндиктери берилген. Ушундан улам, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин бул беренесинин экинчи бөлүгүндө соттолгон адамдарга жазасын аткарып жатканда алардын мыйзамдык кызыкчылыктарын чектөө менен мыйзам тарабынан белгиленген конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине гана кепилдик берилет.

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу мыйзамдарында “эркиндик” терминин пайдалануу, биздин көз караштa белгилүү бир ойдо кокустук мүнөздү алып жүрөт, анткени бул “укук” деген терминге жакын болгондугуна карабастан, ал эркиндигинен ажыратууга байланышкан жазаны өтөп жаткан шартта принципиалдуу айырмачылыкка ээ. Бул түшүнүктөрдүн окшоштугу булар менен ырасталат, ал экөө тең мамлекет жана коом тарабынан берилген социалдык жеңилдиктерди пайдалануу, ошондой эле турмуштун же жүрүм-турумдун тигил же бул тандоо, укуктук образ менен түзүлгөн мүмкүнчүлүктөр аркылуу пайда болот. Бирок, аларды төмөнкүлөр айырмалап турат, укук кандайдыр бир жеңилдиктерди алуу жана пайдалануу мүмкүнчүлүгүң чагылдырат, ал эми эркиндик өзүнүн маңызы боюнча инсандын мамлекеттен жана белгилүү чектөөлөрдөн көз каранды эмес болгон мүмкүнчүлүктөрүнүн даражасын мүнөздөйт, бул эркиндигинен ажыратылган жайларда жазасын өтөө менен шартталган жагдайларда өтөө чогуу экендигин билдирип турат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



**Адабияттар:**


1. Джоробекова А.М., Эсенбаев Н.Б. Уголовно-исполнительное право Кыргызской Республики. - Бишкек, 2008. С.133.
2. Баранов В.М. Правовое положение личности. Общая теория права: курс лекций / под ред. В.К. Бабаева. - Н. Новгород: НВШ МВД РФ, 1993. - С. 56-60.
3. Шейшекеева Г.С. Гражданство в Кыргызской Республике: конституционно-правовой аспект. Дисс…к.ю.н. - Бишкек, 2012.
4. Павлухин В.Н. Правовой статус как категория статуса в конституционном праве. // Сов. гос-во и право. - 1993. - С. 21.
5. Гришаев А.К. Правовой статус лиц, осужденных к лишению свободы. - Саратов, 2007. - С. 44.
6. Права человека в правовой системе Кыргызской Республики. - Бишкек, 2012. - С. 126.
7. Асаналиев Т.А. Становление и развитие исправительных учреждений в период 1950-1990. - Бишкек, 2006. - С. 86.
8. Абдыкерим кызы Г. Об основных правах лиц, отбывающих наказания в воспитательных колониях. / Молодой ученый. - 2015. - №22. - С. 532.
9. Уголовно-исполнительный кодекс Кыргызской Республики. - Бишкек, 2016.